**БЕКИТИЛДИ**
**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кеңешинин I чакырылышынын**
**28.02.2025-жылдагы кезексиз**
**7-сессиясынын №6-токтому**

# “Таш-Көмүр-Шахтер” футболдук клубу” муниципалдык мекемесинин УСТАВЫ

**Таш-Көмүр шаары 2025ж.**

## 1.Жалпы жоболору

1.1. “Таш-Көмүр-Шахтер” футболдук клубу” муниципиалдык мекемеси (мындан ары_ Клуб) футболду пропагандалоо, жайылтуу жана өнүктүрүү, кыргыз футболуна дем берүү, жаратмандык активдүүлүгүн колдоо, анын эл аралык статусун жогорулатуу, андан сырткары жаш балдар жана өспүрүмдөр арасында дене тарбия, дени сактык жана тарбиялык иш-чараларды жүзөгө ашыруу жана алардын ден соолугун бекемдөө, ар тараптуу физикалык өнүктүрүү.

1.2. Клуб өзүнүн ишмердүүлүгүн Кыргы Республикасынын Конституциясынын, мыйзамдарынын, Кыргыз республикасынын Президентинин указ, токтомдору, Кыргыз Өкмөтүнүн чечимдеринин, Таш-Көмүр шаардык мэриясынын жана Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин токтом, буйруктарынын жана ушул Уставдын негизинде өз ишмердүүлүн жүргүзөт.

1.3. Клуб Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде юридикалык жак болуп саналат. Клуб өз атынан мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктарды алууга жан жоопкерчилик тартууга, келишимдерди түзүүгө , сотто доогер жана жоопкер болууга, мүлктөргө ыкчам башкаруу макамына, негизги жана айлануудагы каражаттарга ээ болуу, өздүк балanска ээ болуу, банктарда эсептик жана башка эсептерди ачуу жана жеке символикасы менен мөөр, штамп жана бланктарга ээ болуу укугуна ээ.

1.4. Укуктук-уюштуруучулук формасы: Муниципалдык мекеме

1.5. Клуб толук аталышы: “Таш-Көмүр-Шахтер” футболдук клубу” муниципиалдык мекемеси
Клубдун расмий тилде толук аталышы: “Муниципиальное учреждение футбольный клуб “Таш-Кумыр-Шахтер”

1.6. Юридикалык дареги: Таш-Көмүр шаары, Ш.Сыдыков көчөсү №24

1.7. Клубдун негиздөөчүсү болуп Таш-Көмүр шаардык мэриясы саналат.

1.8. Клубдун менчик түрү: Муниципиалдык.

## 2.Клубдун максаттары жана тапшырмалары

2.1. Клуб Таш-Көмүр шаарында футболду өнүктүрүү, пропагандалоо жана жайылтуу, чеберчилиги жогорку футболчуларды даярдап чыгаруу жана жаш өспүрүмдөрдү спорт менен анын ичинде футбол менен систематикалык түрдө машыгууга чакыруу максатын көздөйт.

2.2. Ишмердүүлүгүндө клуб төмөндөгү тапшырмаларды аткарууну көздөйт.

2.2.1. Жогорку сапаттагы футболчуларды даярдоо жана өнүктүрүү, ошондой эле алардын профессионалдык базасын чыңдоо.
2.2.2 Ар кандай турнирлерге катышуу.
2.2.3. Футболчулардын профессионалдык денгээлин өстүрүүгө шарттарды түзүү.

2.2.4. Таланттуу жаш футболчуларды тандап алууда, өстүрүүдө, машыгууларды өткөрүүдо клубка заманбап методикаларды киргизүү.
2.2.5. Кыргыз Республикасынын аймагында жана анын сыртында эки тараптуу пайда алып келүүчү социалдык-маданий карым-катнаштарды түзүүгө болгон аракеттерди жумшоо.
2.2.6. Футболчулардын адистик кесипкөйлүгүн жана профессионалдуулугун жогорулатууга көмөктөшүү.
2.2.7. Кыргыз футболун эл аралык денгээлде ордун жогорулатууга жаш спортчуларды колдоо, түрткү берүү.

**2.3. Клуб коюлган тапшырмаларды аткаруу үчүн төмөнкү иш-чараларды жасайт.**

- Машыгуу, үйрөтүү методикаларын жакшыртуу максатында клубка футбол тармагындагы жогорку кесипкөй адистерди тартуу.
- Машыгуу-окутуу процесстерин материалдык-техникалык камсыздоо
- Футбол тармагындагы эл аралык уюмдардын тажрыйбаларын колдонуу
- Футбол тармагындагы Эл аралык уюмдар менен (анын ичинде демөөрчүлөр менен) тыгыз иш алып баруу
- Футболчуларда адамдык жакшы сапаттарды, моралдык, эрктүүлүк мүнөздү , туруктуу жоопкерчиликти тарбиялоодо идеологиялык-тарбиялык чараларды ар дайым өткөрүү.
- Ар түрдүү турнир-мелдештерди уюштуруу.
- Клубдун ишмердүүлүн толук кандуу алып барууда Эл аралык уюмдардын, жеке ишканалардын жана жеке тараптардын интеллектик жана финансылык ресурстарын тартуу.
- Футболчуларды жана футбол  адистерин окутууда Ата-Мекендик жана чет элдик ыкмаларды колдонуу

**3.Клубдун мүлктүн жана чарбалык ишмердүүлүгү**

3.1. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин жана мыйзамдардын негизинде  негиздөөчү тараптан берилген мүлк Клубка бекитилет жана аны башкарууга өтөт.
3.2. Клуб өз карамагындагы акча каражаттары үчүн өз жоопкерчилиги алкагында жооп берет. Клубдун акча каражаты жетишсиз болгон учурда субсидиялоо жоопкерчилиги  негиздөөчү ээсинде болот.
3.3. Клубка берилген мүлк өз ишмердүүлүнүн алкагында жана негиздөөчүн тапшырмалары алкагында колдонулат.
3.4. Клубдун мүлкү төмөндөгүлөрдүн эсебинен түзүлөт:
- Негиздөөчү тарабынан берилген мүлк жана акча каражаттарынан.
- бюджеттик каражаттардан
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган башка тараптардан.

3.5. Клуб өзүнө бекитилген мүлктү башка бирөөгө өткөрүп берүү негиздөөчүнүн гана макулдугу менен болот.
3.6. Клубдун ишмердүүлүгүнөн түшкөн акча каражаты жана ал каражатка алынган мүлк  негиздөөчүнүн макулдугу менен Клубдун карамагында болот жана негиздөөчүнүн атайын балансында болот.

## 4.Клубду башкаруу органы

4.1. Клубду башкаруу органы болуп:
- Клубдун жогорку башкаруу органы : Таш-Көмүр шаардык мэриясы
- Клубдун аткаруучу органы болуп: Клубдун дирекциясы саналат

4.2. Клубдун жогорку башкаруу органынын өзгөчө укуктары
- Клубдун уставына өзгөртүү жана толуктоо киргизүү
-Клубдун өзөктүү багыттарын аныктоо, мүлктү башкаруу тартибин киргизүү
- Клубдун негизги жана резервдик курамын түзүү чечимин чыгаруу
-Клубдун тутумун өзгөртүү же жоюу чечимин чыгаруу
-Клубдун жылдык бюджетин бекитүү
-Клубдун аткаруу органын дайындоо жана бошотуу
-Клубдун жылдык бюджетин бекитүү
-Клубдун жылдык отчетун бекитүү
- Клубдун штаттык бирдигин, структурасын, башкаруу органынын эмгек акы көлөмүн бекитет, жана да жалпы тренердик штабдын жана футболчулардын. Клубдун жылдык бюджетинин алкагында.

4.3. Клубдун ишмердүүлүгүн дирекция камсыз кылат. Ага аткаруучу директор, башкы эсепчи, башкы машыктыруучу жана улуу машыктыруучу кирет.

4.4. Клубдун дирекциясы Уставда каралган негиздөөчүнүн карамагына кирбеген баардык маселелер боюнча чечимдерди чыгаруу укугуна ээ.
Клубдун дирекциясы негиздөөчүгө жана Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешине отчет берет, алардын астында клубдун ишмердүүлүгү боюнча жана дирекцияга коюлган тапшырмаларды аткарууга жоопкер.
Дирекцияны негиздөөчү дайындаган аткаруучу директор башкарат жана негиздөөчү аны бошото алат.

4.5. Клубдун дирекциясы:
- Башкы тренердин сунушу менен негизги жана резервдик составды бекитет
-Клубдун тренерлик штабын дайындайт жана бошотот. Алар менен келишимдерге кол коет.
- Клубдун негиздөөчүсүнүн макулдугу менен клубдун футболчулары менен келишим түзөт.
- Клубдун кызматкерлерине, машыктыруучуларга жана футболисттерине сый акы, премия берүү жагын аныктайт.

-Администрациянын чечимдери көпчүлүк добуштар менен кабыл алынат.

4.5. Клубдун аткаруучу директору.
- Клубдун Кыргызстанда, КМШда жана алыскы чет өлкөлөрдө мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелерде жана юридикалык жана жеке жактарда өкүлү болот.
- Клубдун атынан келишимдерге кол коет жана анын аткарылышын камсыздайт.
-Клубдун ичиндеги буйрук, чечим жана башка документтерди чыгарат.
- Клубдун ичиндеги эмгек тартибин камсыз кылат.
- Клубдун администрация жана техникалык адистерин дайындайт.
-Клубдун башка маселелерин чечет.

## 5.Башкаруу, отчет берүү жана эсеп

5.1. Клуб өз ишмердүүлүгүнө ыкчам жана бухгалтердик эсепти жүргүзөт. Статистикалык органдар бекиткен тартипте статистикалык учет жүргүзөт жана анын туура экендигине жооп берет.

5.2. Кварталдык жана жылдык отчет негиздөөчү тарабынан жана Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенеши тарабынан текшерилет.
5.3. Клубдун ишмердүүлүгүнүн жалпы укуктук тарабын Таш-Көмүр шаардык мэриясы көзөмөлдөйт.

## 6.Клубдун жоюлуп токтотулушу

6.1 Клубдун жоюлушу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде аткарылат.
6.2. Клуб негиздөөчүнүн чечими менен же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында жоюлат.
6.3 Клуб жоюлгандан кийин анын мүлк жана каражаттары толук эсеп-учету аныкталгандан кийин Негиздөөчүнүн максаттарына жумшалат.
6.4 Клуб Жалпы мамлекеттик реестрге тиешелүү иш-кагазы жазылгандан кийин расмий түрдө жоюлду деп эсептелет.
6.5. Клубдун ишмердүүлүгүндө пайда болгон иш-кагаздары “Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду” мыйзамынын алкагында сакталат.

**Аткаруучу директор** **С.М. Кубатбеков**